DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.062

*Кожомбердиева К.*

# ОКУУ-ТААНЫП БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ, АНЫН МҮНӨЗДҮҮ БЕЛГИЛЕРИ ЖАНА ТҮЗҮЛҮШҮ

*Кожомбердиева К.*

# УЧЕБНО-ПОЗНАВАТЕЛЬНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ, ЕЕ ХАРАКТЕРНЫЕ ЧЕРТЫ И СТРУКТУРА

*K. Kozhomberdieva*

# EDUCATIONAL AND COGNITIVE ACTIVITY, ITS CHARACTERISTIC FEATURES AND STRUCTURE

*УДК: 378.147*

*Макалада, албетте, буга чейин миңдеген окумуштуулар кайрылган, ар тарабынан терең талдоого алынган, түрдүү пикирлерди пайда кылган, ушул күнгө чейин, азыркы учурда да философтордун, психологдордун, методисттердин, педагогдордун, педтехнологдордун кызыгууларын, кайчы пикирлерин, талаштарын жаратып келген ишмердүүлүк түшүнүгүн, анын инсандын калыптанышындагы жана өнүгүүсүндөгү ролун, маанисин, ордун, мазмунун, түрлөрүн, структурасын демократиялык коомдун активдүү мүчөсүнүн калыптануу жана өнүгүү муктаждыктарынын көз карашынан талдоо баяндалган. Инсандык калыптануунун жана өнүгүүнүн түрдүү мезгилдеринде ишмердүүлүктүн структурасынын өзгөрүп турушу, ошого жараша анын окуу ишмердүүлүгү, окуу таанып билүү ишмердүүлүгү, таанып билүү ишмердүүлүгү деп бөлүнүшү жөнүндө талдоолор келтирилди. Өзгөчө мектеп окуучуларына мүнөздүү болгон окуу таанып билүү ишмердүүлүгү, анын түзүлүшү, компоненттери тууралуу автордун жеке көз караштары берилди. Окуучу бир жагынан табияттагы мыйзам ченемдиктерди өздөштүрүп жатса, экинчи жагынан ал инсан катары калыптануу жана өнүгүү процессин камтып жаткандыгы ачык көрсөтүлөт.*

***Негизги сөздөр:*** *ишмердүүлүк, окуу ишмердүүлүгү, мотив, план, максат, процесс, көзөмөл, натыйжа, каражат.*

*В данной статье дается общирный анализ понятию деятельность, которое до сих пор является предметов обсуждения ученых психологов, философов, педагогов, методистов, технологов, вызывающее различные взгляды, интересы, споры, касательно места, роли и значения данного вида деятельности в становлении и развитии личности человека, с позиции формирования будущего поколения демократического общества. Также приводится анализ изменения в структуре деятельности на разных периодах становления и развития личности, которые в соответствии с этим носят различные названия – учебная деятельность, учебно-познавательная деятельность, познавательная деятельность. Автором приводится особый взгляд на понятие учебная познавательная деятельность, характерная для детей школьного возраста, которая имеет свои особые компоненты и структуру. Четко выделяется роль данного вида деятельности в формировании детской личности, с одной стороны, она способствует приобретению знаний и навыков по учебным предметам, с другой - формирование и становление ребенка как личности.*

***Ключевые слова:*** *деятельность, учебная деятельность, мотив, план, цель, процесс, контроль, результат, средства.*

*This article provides a general analysis of the concept of activity, which is still the subject of discussion of scientists, psychologists, philosophers, teachers, methodologists, technologists, causing various views, interests, disputes regarding the place, role and significance of this type of activity in the formation and development of human personality, from the standpoint of forming the future generation of a democratic society. It also provides an analysis of changes in the structure of activity at different periods of formation and development of the personality, which, in accordance with this, bear various names - educational activity, educational and cognitive activity, cognitive activity. The author provides a special look at the concept educational cognitive activity, characteristic of school-age children, which has its own special components and structure. The role of this type of activity in the formation of a child's personality is clearly distinguished, on the one hand, it contributes to the acquisition of knowledge and skills in academic subjects, on the other, the formation and formation of a child as a person.*

***Key words:*** *activity, educational activity, motive, plan, goal, process, control, result, means.*

Адам өзүнүн жашоосунда курчап турган дүйнөгө түрдүү формада мамиле кылат. Ал ишмердүүлүк деп аталат.

Ишмердүүлүк – бул субъекттин объект менен аңсезимдүү активдүү өз ара аракеттенүү процесси, мында субъект объектке кандайдыр бир максатты көздөп таасир этип, өз мүдөөсүнө жетүү менен, өзүнүн кайсы бир муктаждыктарын канааттандырат. Ишмердүүлүк өзүнө төрт компонентти камтыйт: 1. Максат. 2. Процесс. 3. Каражат. 4. Жыйынтык.

Ар кандай ишмердүүлүктүн багытын анын максаты аныктап турат. Анык бир максат болбосо, анда эң оболу жыйынтык болбойт. Максатка жараша процесс пландаштырылат. Анткени, ар бир максаттын бийиктигине карата кадамдары аныкталат. Ал кадамдардын саны ар кандай болушу мүмкүн. Кадамдар, өз кезегинде каражаттарды талап кылат. Андыктан, жетишерлик каражат болбосо, анда максат ишке ашпайт. Бул төрт түзүүчүнүн арасында максат эң башкы компонент. Ал процессти, каражатты жана жыйынтыкты аныктайт.

Ишмердүүлүк өзүнүн табиятына жараша практикалык, эстетикалык, оюн, таанып билүү (Леонтьев боюнча) ж.б. бөлүнөт. Биз бул изилдөөбүздө таанып билүү ишмердүүлүгүнө токтолобуз.

Таанып билүү ишмердүүлүгү – бул жыйынтыгында реалдуу дүйнөдөгү объектинин сапаттары жана касиеттери, байланыштары, катыштары жана закон-

дору жөнүндө маалыматка ээ кылуучу ишмердүүлүк [4]. Таанып билүү ишмердүүлүгү коомдун өнүгүүсүндө пайда болгон продуктуларды индивидуум тарабынан жыйноо жана өздөштүрүү процесси. Ал белгилүү билимдерди эс тутумга жыйноого багытталбайт, тескерисинче, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн өздөштүрүлүшүнө багытталып, улам татаалдануу кыймылында окуучулардын руханий күчүн өнүктүрүүгө, таанып билүүдө бийик денгээлдерге көтөрүлүүгө, чындык тууралуу реалдуу элестетүүгө толугураак жана тереңирээк ээ болууга көмөктөшөт [5].

Окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгү, эреже катары, окуу-таанып билүү формасында өтөт [1].

Окуу ишмердүүлүгү дегенде психологдор окуучулардын предмет жана аны менен байланышкан маселелерди чечүүнүн жалпы ыкмалары жөнүндө теориялык билимдерге ээ болууга багытталган ишмердүүлүгүн түшүнүшөт. Алсак, психолог Л.С. Выготский көптөгөн изилдөөлөрүнүн натыйжасында мындай пикирге келген: “Окуучу чындап ишке киришип кетиши үчүн окуу ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндө коюлган маселелер ага түшүнүктүү эле болбостон, ошондой эле, алар окуучу тарабынан кабыл алынышы керек же окуучу үчүн мааниге ээ болуп, анын тажрыйбаларында орун алышы абзел. Өнүгүүчү өзгөчөлүктөр бул окуучулардын физикалык, таанып билүүчүлүк, адеп-ахлактык жөндөмдүүлүктөрүн алардын өздөрүнүн потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу жолу менен өнүктүрүү” [3].

Окуу ишмердүүлүгү окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнө караганда кенен түшүнүк, анткени окуу процессинин жүрүшүндө таанып билүү эле эмес, ошондой эле машыктыруучу мүнөздөгү аракеттер да колдонулат. Ошол эле учурда таанып билүү ишмердүүлүгү жогорудагы экөөнө караганда кенен түшүнүк, анткени таанып билүү окуу максатында эле эмес, ошондой эле илимде жаңылык ачуу үчүн да ишке ашырылат [8].

Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн негизги түзүүчүлөрүн, мүнөздүү белгилерин карайлы.

Аталган ишмердүүлүк түрүнүн субъекти деп окуучуну, ал эми объекти деп, мугалим аркылуу берилүүчү социомаданий тажрыйбаны атайбыз. Ал эми субъектинин объектке болгон таасир этүү процесси катары окуу-таанып билүү процессин түшүнөбүз.

Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгү, башка ишмердүүлүктөр сыяктуу эле, субъективдүүлүгү, активдүүлүгү, предметтүүлүгү, максаттык багыттуулугу, аң-сезимдүүлүгү менен мүнөздөлөт.

Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн субъективдүүлүгүнүн өзгөчөлүгү - ишмердүүлүктүн бул түрүнүн окуучулар тарабынан ишке ашырылышында. Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн пландаштырылышы жана уюштурулушу мугалим тарабынан багытталат жана көзөмөлдөнөт.

Активдүүлүк ишмердүүлүктүн маанилүү мүнөздөмөсү болгондуктан, окуу-таанып билүү ишмердүүлүгү окуучулардын активдүүлүгүсүз өтпөйт. Бул пландагы өзгөчөлүк, окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн мугалим тарабынан активдештирүүгө болгон муктаждыгы. Ошондуктан, мугалимдин максаты – жөн гана окуучуларга билим, билгичтик жана көндүмдү өткөрүп берүү эмес, алардын татаал таанып билүү процессине жетекчилик кылуу эсептелет.

**Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн предметтүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн карайлы.**

Педагогдун ишмердүүлүгү социомаданий тажрыйбаны келечек муундарга өткөрүүгө, маалыматтардын окуучулар тарабынан өздөштүрүлүшүн уюштурууга, ал эми окуучунун ишмердүүлүгү ошол тажрыйбаны ийгиликтүү өздөштүрүүгө багытталат [4]. Ошентип, мугалим тарабынан берилүүчү тажрыйбанын өзү, же ал тажрыйбанын өздөштүрүлүшү: системдүү билимдердин өздөштүрүлүшү, аракеттердин жалпыланган ыкмалары, алардын түрдүү кырдаалдарда адекваттуу жана чыгармачылык менен колдонулушу - окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн предмети болуп саналат. Мындан сырткары, окуу ишмердүүлүгүндө окуучу өнүккөндүктөн, окуучу өзү да окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн предмети болуп эсептелет.

Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн максатка багыттуулугунун өзгөчөлүгү – педагогикалык процессте максат сырттан коюлуп, коомдук зарыл талаптарга жооп берип жаткандыгында. Мында эң оболу, окуучунун жеке суроо-талабына, керектөөлөрүнө, муктаждыктарына төп келиши керек.

Дагы бир белгилей кетчү нерсе, окуучунун таанып билүү ишмердүүлүгү анын ички жана сырткы абалы, ал аткарып жаткан ишмердүүлүккө жана ага болгон муктаждыгына канчалык дал келерин туюнтуп турат. Окуу жана аны менен кошо окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнө болгон муктаждык инсандын үйрөнүп жаткан предметине таандык болгон билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү алууга, окуу предмети боюнча объектилердин жана предметтердин пайда болушу, өнүгүшү менен байланышкан закондорду өздөштүрүүгө умтулуусун туюнтат [4].

Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн мүнөздөп жатып, анын структурасына кайрылбай коюуга болбойт. Окуу-таанып билүү процессиндеги ишмердүүлүктүн стурктурасын карайлы.

**Мотив.** Эгерде ишмердүүлүк окуучунун инсаны үчүн мааниге ээ болбосо, эгерде анын коом үчүн зарылдыгы аң-сезимдүү таанылбаса, анда ал окуучунун өнүгүүсүнө таасир бере албайт. Ошондуктан окуутаанып билүү процессин уюштурууда мугалим тарабынан коюлган максаттар окуучунун ички сезимдерин ойготуп, ички умтулууну пайда кылып, ишмердүүлүккө киришүүнү мотивациялай алгандай болушу за-

рыл. Аталган баштапкы компонент, бүтүндөй окуу процессинин башынан аягына чейин, анын акыркы натыйжаларын ийгиликтүү алууну шарттайт. Төмөндөгүлөр окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн конкреттүү мотивдери болушу мүмкүн: кызыгуу, мактоого ээ болууга умтулуу, ийгиликсиздик үчүн жазалануудан коркуу ж.б. Д.Б. Эльконининдин пикиринде, окуу ишмердүүлүгүнө "адекваттуу мотивдер аркылуу түрткү берүү керек. Алар: аракеттердин жалпыланган ыкмасына ээ болууга умтулуу мотиви, же жөнөкөйлөтүп айтканда, жеке өсүүгө умтулуу мотиви, өркүндөөгө умтулуу мотиви болушу ыктымал" [8]. Мектеп окуучусунун окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн басымдуулук кылган мотиви болуп, окуу-таанып билүү кызыкчылыгы, окуу ишмердүүлүгү таанып билүү үчүн, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн системасына ээ болуу деп эсептелет. Бул учурда окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн субъективдүүлүк жана предметтик жактары дал келип, ал ишмердүүлүк коомдук жана инсандык зор мааниге болот [1]. Так мына ушул үчүн окуу-таанып билүү кызыкчылыгы окуу ишмердүүлүгүндөгү борбордук ролду ойноп, башка мотивдерге караганда окуу ишмердүүлүгүнүн толук баалуу ишке ашырылышын камсыздайт.

**Максат.** Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн структурасындагы дагы бир маанилүү, анын аң-сезимдүүлүгүн бекемдеген компонент болуп максат эсептелет: "Муктаждыкты түшүнүү – көрүнүп турган белгилүү натыйжа - окуу ишмердүүлүгүнүн максаты болуп калат" [3]. Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн максаты мугалим тарабынан коюлса да, субъективдүү болсо да, окуучу үчүн ал инсан тарабынан кайра иштелип чыккан, ушул инсандын муктаждыктары аркылуу аныкталат. Ошентип, окуучунун окуу-таанып билүү ишмердүүлүгү билим берүү процессинин багыттоочуларынын бири болуп эсептелет. Бул башкы максат.

**План.** Башкы максат, өз кезегинде бир катар аралыктагы максаттарга ажыратылат. Алар убакыттын өтүшү менен пайда болот жана белгилүү бир шарттар түзүлгөндө, зарыл каражаттар чегерилгенде гана ишке ашырылат. Ар бир максаттын конкреттүү шарттар менен аныкталышы, биринин артынан бири келүүчү маселелерди пайда кылат. Алардын ар бирин, эгерде ал аткарылып жаткан иштин эффективдүүлүгүн көздөсө, анда ал өз кезегинде субъект катары аларды чечиши керек. Жеке максаттар жана тиешелүү милдеттер ишмердүүлүктү аткаруу процессинде эле эмес, ошондой эле кандайдыр бир аракеттерди жасоо алдындагы түшүнүү учурунда да пайда болушу мүмкүн. Анда пайда болгон маселелердин топтому ишмердүүлүктүн, жекече алганда окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн планын түзүп калат.

**Кыймыл.** Ар бир маселенин чечилиши субъектиден тиешелүү иш-аракеттерди аткарууну талап кылат. Окуу-таанып билүү процессинде окуучу, мисалы, мындай аракеттерди аткарат: мугалимдин баяндамасын угат, окуулукту жана кошумча адабияттарды окуйт, эксперименталдык тапшырмаларды аткарат ж.б. Аракет да ишмердүүлүк сыяктуу эле структурага ээ: максат, мотив, объект, иш-аракетти ишке ашыруучу амалдардын анык бир топтому [6]. Окуу процессинин алкагында окуучу анык бир окуу милдеттерин аткарган сыяктуу эле иш-аракеттерди жасайт. Окуу процесси ушундай милдеттердин жыйындысы катары туюнтулат. Окуу милдети предметтик маселе менен окуу максаттарынын синтези болуп эсептелет. Бир эле предметтик маселе бир нече конкреттүү окуу максаттарына жеткен сыяктуу кызмат кылышы мүмкүн. Ошондой эле бир нече окуу маселелеринин компоненти болушу ыктымал. Ошол эле мезгилде бул же тигил конкреттүү максат бир нече окуу маселелеринин чечилиши менен ишке ашырылышы мүмкүн. Тапшырмалар окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн максаттарын түшүнүүгө жардам бериши мүмкүн. Ал эми бул өз кезегинде жагымдуу мотивдердин калыптанышына олуттуу таасир берет.

**Натыйжаларды көзөмөлдөө, текшерүү жана аракеттерди түзөтүү.** Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн дагы бир звеносу – бул контролдоо-баалоо бөлүгү. Ал окуу маселелеринин аткарылышын көзөмөлдөөнү жана аларды чечүүнүн жалпы ыкмасын өздөштүрүүнү баалоону өз ичине камтыйт. Аталган этапта окуучунун ишмердүүлүгү окуу маселелеринин жардамында уюштурулушу мүмкүн, мисалы: айтылачы, бул маселени чечүүдө кайсы билимдерди пайдаландыңар, табылган чечимди башка ыкма менен текшергиле. Окуучулар тарабынан окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн рефлексиялоо жана башкаруу тыкандыкка жана өз алдынчалыкка тарбиялайт. Өзүн-өзү көзөмөлдөө өзүнүн аракеттеринин натыйжалуулугун билүү аркылуу ишке ашышы мүмкүн, албетте, окуучу аракеттеринин туура же туура эмес аткарылгандыгын түшүнсө. Ата мекендик психологдордун эмгектеринде окуучулардын өздөрүнүн аракеттеринин жыйынтыктарын өздөрү баалоосуна өзгөчө көңүл бурулат. Өзүн өзү баалоо окуучулардын жеке ишмердүүлүктөрүн жана айрым аракеттерин анализдөөнүн негизинде ишке ашырылат. Бул компоненттин маанилүү жыйынтыгы болуп окуучунун ишмердүүлүгүн түзүп турган аракеттерин түзөтүүсү эсептелет [2].

Окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгында субъект бул же тигил окуу предметтерди үйрөнүүнүн натыйжасында билимдерге жана көндүмдөргө ээ болуу менен, ал психогендик, биогендик, социогендик жактан өнүгүп, үзгүлтүксүз билим алуу керектигин түшүнгөн инсанга айланат.

Мына ошондуктан окуу таанып билүү ишмердүүлүгүнүн табиятына жана аткарган эки функция-

сына жараша өзгөчөлүктөрүн эске алып, төмөндөгүдөй структурага келсек болот:

1. Мотивациялык-ориентациялык этабы.
2. Операционалдык-таанып билүү этабы.
3. Контролдук-баалоо этабы.

Ар бирине кыскача токтоло кетели.

**Мотивациялык-ориентациялык** этапта мугалим программалык материалды окуучунун турмуштук практикасы менен байланыштырып, аларга ориентация алганга мүмкүнчүлүк берет. Мурда программадагы материалды түшүнүп, аны колдонууга ылайыкталган көнүгүүлөр берилип келген. Ошондуктан окуучу “бул теманы биз өткөн эмеспиз” деген жоопту айтар эле. Тагыраак айтканда, окуучу өзүнүн өнүгүүсүнүн актуалдуу аймагын тактап, жакынкы өнүгүү аймагына [3] өтүүнүн керектигин ушул жерде түшүнүшү керек. Эгерде аны түшүнбөй калса, анда окуучуда мотивация жаралбайт. Окуучуну жеке өзүнүн гана практикалык муктаждыгын чечүү кызыктырат. Бул албетте, эгоизм эмес, анткени ар бир адам өзүнүн проблемасын чечмейин, өзгөнүн көйгөйүн чечүүгө кызыкпайт. Адам табияты ушундай экен.

**Операционалдык-таанып билүү** этабында окуучуда сунушталган материалга (билим, билгичтик, көндүм) карата күчтүү мотивация пайда болуп, ал өздөштүрүүнү пландаштырууга киришет. Мугалим берген материалды угат, көрөт, туят. Аны ичинен кайталайт. Түшүнүктөрдүн аныктамаларында камтылган касиеттерди кабыл алат. Натыйжада, ал маалыматты өздөштүрүп, билимге ээ болот. Алган билимин өзүнүн турмушундагы проблеманы чечүүгө колдонууга бет алат. Демек, алган билимин актуалдаштырат. Ошентип, алган билимдин негизинде окуучуда көндүм пайда болот.

**Контролдоо-баалоо этабында** окуучу алган билимин канчалык туура колдонгондугун аңдайт. Күтүлгөн натыйжа менен реалдуу жыйынтык канчалык дал келерин салыштырат. Эгерде дал келбей калса, кетирилген ката издөөгө алынат. Ошентип, катанын же дал келбестиктин себеби аныкталат. Көнүгүүлөр кайрадан иштелет, бул жолу кетирилген катанын себептери эске алынат. Натыйжада окуучу көндүмгө ээ болгондугуна ынанат.

Жогоруда каралгандардын бардыгында окуу-таанып билүү ишмердүүлүгү адамдын жашоосунун ажырагыс бөлүгү экендигин белгилейт. Ал өзүнө мүнөздүү белгилерге жана структурага ээ, аларды эске албай аны уюштурууга да, анын жыйынтыктарын текшерүүгө да мүмкүн эместигин белгилейбиз. Билим алуунун бардык этаптарында окуу-таанып билүү ишмердүүлүгү калыптандыруучу жана өнүктүрүүчү күчкө ээ экендигин белгилей кетели. Өзгөчө жалпы билим алууда, эң оболу окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу маанилүү. Айрыкча, өз алдынча окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжасында алган билимди окуучу өз практикасында колдоно билгичтигин калыптандыруу өтө маанилүү. Мүмкүн бул, окуучунун бүтүндөй өмүрүнүн ийгиликтүүлүгүн аныктайт. Бирок окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу мугалимден башталары талашсыз. Андыктан ага чоң жоопкерчилик жүктөлөт.

**Адабияттар:**


1. Ананьев Б.Г. Человек как предмет познания Текст. / Б.Г. Ананьев. - Л.: ЛГУ, 1969. - 338 с.
2. Беликов В. А. Образование. Деятельность. Личность: монография. - М.: Академия Естествознания, 2010. - 340 с.
3. Выготский, Л. С. Проблемы развития психики [Текст] / Л.С. Выготский / Под ред. А.М. Матюшкина. - М.: Педагогика, 1983. - Т. 3. - 368 с.
4. Ибраева Н.И. Формирование опыта учебно-познавательной деятельности учащихся начальных классов [Текст]: дис. ... к.пед.н.: 13.00.01/ Н.И. Ибраева. - Ф., 1983. - 188 с.
5. Леонтьев А.Н. Проблема деятельности в психологии [Текст] / Избр. псих, произв. в 2 т. / А.Н. Леонтьев. - М.: Педагогика, 1983. Т.2. - С.136-166.
6. Сластенин В.А. Доминанта деятельности [Текст] / В.А. Сластенин. // Народное образование, 1997. - № 9. - С. 41-42.
7. Талызина Н.Ф. Управление процессом усвоения знаний Текст. / Н.Ф. Талызина. М.: Изд-во МГУ. - 1984. - 344 с.
8. Эльконин Д.Б. Избранные психологические труды. Проблемы возрастной и педагогической психологии [Текст] / Д.Б. Эльконин. - М.: Междунар. пед. акад., 1995. - 224 с.
9. Кожомбердиева К. Слабости традиционного обучения и преимущества интерактивного обучения. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 3. С. 118-122.